**DOI:10.33942/sit1263** **УДК:001. 19:1**

# ПРОБЛЕМЫ ДЕМАРКАЦИИ ЗНАНИЯ
# АННОТАЦИЯ

**Байсубанов Учкун Карыбекович**
*Кандидат философских наук, К. Директор Международного образовательного центра БГУ им. Карасаева*
E-mail: u_baysubanov@mail.ru

***Аннотация:*** *Цель статьи - изучение знания, его форм, зарождения научного знания, разницы между знанием и мнением, пределов знания в контексте научно-философских школ. Такая необходимость объясняется кардинальными изменениями, происходящими в процессе глобализации. В настоящее время потребность в получении и использовании информации выросла, появление Интернета, коммерческих СМИ, многообразие информации, интенсивное развитие информационных технологий оказали непосредственное влияние на современное общество и способствовало созданию «цифрового общества». В частности, обилие информации, отсутствие единого объяснения знаний и сомнения в идеалах и ценностях рациональности и т. д. напрямую создают предпосылки для их своевременного изучения. С этой точки зрения определение границ знания не теряет своей актуальности и сегодня, напротив, оно порождает необходимость тщательного исследования.*

***Ключевые слова:*** *модерн, постмодерн, позитивизм, неопозитивизм, экзистенциализм, демаркация, аутентификация, эмпиризм, релятивизм, прагматизм, верификация, фальсификация.*

# БИЛИМДИ ДЕМАРКАЦИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

**Байсубанов Учкун Карыбекович**
*Философия илимдеринин кандидаты, К. Карасаев атындагы БМУ Эларалык билим берүү борборунун директору*
E-mail: u_baysubanov@mail.ru

***Аннотация:*** *Макаланын максаты – билимди, анын формаларын, илимий билимдердин жаралышын, билим менен пикирдин айырмасын, билимдин чектерин изилдөө. Автор билимди аныктоочу критерийлерин жана өнүгүү шартарын Батыштын илимий- философиялык мектептеринин контекстинде караган. Азыркы учурда маалыматты алуу жана пайдалануу муктаждыгы кадыресе өскөндүгү, ааламдашуу процессинде интернет, коммерциялык медиа булактардын пайда болуусу, бир беткей маалыматтын жоктугу, маалымат технологияларынын интенсивтүү өнүгүүсү коомубузга түздөн-түз таасирин тийгизип “санариптик коомдун” түптөлүүсүнө өбөлгө түзүлгөндүгү чындык. Бул муктаждык ааламдашуу процессинде болуп жаткан кескин өзгөрүүлөр менен түшүндүрүлөт. Тактап айтканда, маалыматтын көптүгү, билимдин бирдиктүү түшүндүрмөсүнүн жоктугу, адамдын объективдүүлүктү чагылдыруусу анын түшүндүрүүсүнө байланып калгандыгы, рационалдуулуктун идеалдарына жана баалуулуктарына шектенүү ж.б.у.с. маселелер чечүүнү талап кылууда. Бул өңүттөн алганда, билимдин чегин аныктоо бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпойт, тескерисинче, кылдат изилдөөнүн зарылдыгын жаратууда.*

***Ачкыч сөздөр:*** *модерн, постмодерн, позитивизм, неопозитивизм, экзистенциализм, демаркация, аутентификация, эмпиризм, релятивизм, прагматизм, верификация, фальсификация.*

# PROBLEMS OF KNOWLEDGE DEMARCATION

**Baisubanov Uchkun Karybekovich**
*Candidate of Philosophical Sciences, Director of the International Education Center of the K. Karasaev BSU*
E-mail: u_baysubanov@mail.ru

***Annotation:*** *The purpose of the article is to study knowledge, its forms, the creation of scientific knowledge, the difference between knowledge and opinion, and the boundaries of knowledge. This need is explained by the drastic changes taking place in the process of globalization. Specifically, the abundance of information, the lack of a unified explanation of knowledge, the fact that a person's reflection of objectivity is tied to his explanation, doubts about ideals and values of rationality, etc. u. s. issues have a direct impact on society. From this point of view, determining the boundaries of knowledge does not lose its relevance even today, on the contrary, it creates a need for careful research.*

***Key words:*** *modernity, postmodernity, positivism, neopositivism, existentialism, demarcation, authentication, empiricism, relativism, pragmatism, verification, falsification.*

20 кылымдын соңунда, так маалыматы бар коом келечектин кожоюну деп айтылып келген. Ошол мезгил дүйнө жүзүндөгү цивилизациялык, маданий – идеологиялык, саясий-экономикалык, илимий-техникалык ири процесстердин башааты катары тарыхта орун алган. СССРдин кыйрашы, марксизмдин илимий-турмуштан четтелиши, эки полярдуу тең салмактуулук системасынын жоголуусу, ааламдашуу, медиа эркиндиги, радикалдуу идеологиялык диний агымдардын пайда болушу жана башка көптөгөн мисалдар айгинелейт. Албетте, бул өзгөрүүлөр турукташып калган жалпы илимдин философиясына да кедергисин тийгизип “жаңыча” ой жүгүртүүнү, болуп жаткан дүйнөлүк илимий тенденцияны окуп уйрөнүүнү жана заманбап чакырыктарга жооп берүүнү талап кылууда.

Философиядагы “модерн” (фр. modern – заманбап) доору – 20 кылымдын башынан ортосуна чейин эпистемологиянын жаңылануу концепциясы катары өкүм сүрүп, прогрессивдүү өнүгүүн негиздерин математика, тажрыйба, техника жана эксперименттен көргөнү белгилүү. Ал эми жалпы адамзаттын жана илимдин өнүгүү сүрөттөмөсүн бирдиктүү стандарттардын алкагында болуусун карманган. Белгилүү болгондой, материянын тынымсыз кыймылда болуу касиети, туруктуулукту камсыздабасы диалектиканын принциби менен түшүндүрүлөт. Тактап айтканда, “модерн” парадигмасы “постмодерндик” теориясы менен алмашуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Философиялык “постмодерн” (модерннен кийинки) багыты – 20 кылымдын 50-70 жылдардан тартып бугунку күнгө дейре жалпы цивилизациялык өнүгүү модели катары орун алып келет. Анын негиздери катары - нукуралуулуктун көптүгү, билимдин бирдиктүү түшүндүрмөсүнүн жоктугу, адамдын объективтүүлүктү чагылдыруусу анын түшүндүрмөсүнө байланганы, идеалдарга жана рационалдыктын баалуулуктарына күмөн саноосу ж. у. с. принциптеринен турарын белгилесек болот.

Азыркы учурда маалыматты алуу жана пайдалануу муктаждыгы кадыресе өскөндүгү, ааламдашуу процессинде интернет, коммерциялык медиа булактардын пайда болуусу, бир беткей маалыматтын жоктугу, маалымат технологияларынын интенсивтүү өнүгүүсү коомубузга түздөн-түз таасирин тийгизип “санариптик коомдун” түптөлүүсүнө өбөлгө түзүлгөндүгү чындык. Социолог Д. Добринская өзүнүн макаласында “санариптик коом” бул бир технологиялык инфраструктуранын ичинде тыгыз байланышты, комплекстүүлүктү жана мобилдүүлүктү камсыздаган санариптик чөйрө” деп жазганы бар. [1]

Жогорудагы айтылуу тенденцияга ой жүгүртө турган болсок анын позитивтүү жана терс жактары байкалат. Интернет мейкиндигиндеги маалыматтардын жеткиликтүүлүгү, ачыктыгы, транспоренттиги жана байма-бай жаңылануусу заманбап коомдун өнүгүү өзөгү

катары кабыл алынса, ал эми маалыматтардын тездиги, иргелбегендиги жана алардын көзөмөлдөнүсү кыйнга турары ачык факт. 21 кылымдын адамы дүйнөлүк коммуникациянын торуна илинип, көп эле учурда ченемсиз тастыкталбаган билимдердин (пикирлер, максаттуу бурмаланган маалыматтар ж.у.с) жетегинде калууда.

Ошондуктан, Байыркы философиясынын зарыл болгон суроолорунун катарын толуктаган "билим деген эмне?", "билим менен пикирдин айырмасы?" "билимдин түрү" жана "билимдин нукуралуулугу" боюнча маселелер бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жоготпостон, тескеринче тыкыр изилдөө муктаждыгын пайда кылууда. Жалпы кабыл алынган түшүндүрмөлөрдө, нукура билимди аныктоо, түздөн-түз анын аныктоочу критерийине көз каранды болоору айтылат. Себеби, туура белгиленген критерийлер гана илимий билимди илимден тышкаркы билимден айырмалоого мүмкүнчүлүк алат. Жогоруда тизмектелген суроолорго так жоопторду алыш үчүн кеңири жарыяланган илимий материалдардын жана тарыхый, айрыкча, Батыш философиясынын белгилүү мектептеринин жетишкендиктерин карап чыгуубуз, илимий талдоонун вазийпасын көтөрүүсү талашсыз.

Байыркы грек философиясында эпистемологиялык проблеманы биринчи жолу Парменид чындык менен пикирдин ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүүдө койгон. Чындык – бул болумушту билүү, ошол себептүү, анын негизги критерийи болуп, карама-каршылыксыздык, өзгөрүлбөстүк жана убакыттан сырткарылык эсептелет. Сократ биринчи жолу конкреттүү субъектен жана анын пикиринен жашынып жаткан чындыктын жашоосу тууралуу элестөөгө негизделген таанып билүү методун – майевтиканы иштеп чыгат. Ал эми Платон нукура билимди жандын идеялар дүйнөсүнө таандыктыгын натыйжасында мүмкүндүк катары жаралган эстөө катары карайт. Аристотель болсо, таанымдын аналитика методун иштеп чыгуу менен, рационализмдин пайдубалын түптөйт.

Орто кылымдагы Европа философиясында билим кудайдан келген кайрымдуулук катары каралып, кудай жаратуучу жана ачуучу катары көрүнөт. Ошол себептүү, эпистемология Библияны түшүндүрүү искусствосуна – герменевтикага айланат.

Жаңы доордун философиясында гносеологиялык бурулуш жасалып, тааным проблемасы философиядагы негизги маселеге айланат. Мында рационализм традициясы менен (Декарт, Лейбниц) эмпиризм традициясынын (Бэкон, Локк, Юм) ортосунда күрөш жүрөт. Булардын алгачкылары схоластикалык-дедуктивдүү таанымдын традицияларын улантышса, ал эми соңкулары ар кандай эле билим тажрыйбадан келип чыгат деген тезисти бекемдешет. 12 кылымда белгилүү араб философу Ибн Рушд, алгачкылардан болуп чындыктын (истина) эки жактуулугун: акылдын чындыгы (истина разума) жана диндин чындыгы (истина религии) айткандыгы, мына ушундан тартып илимдин өзөктүү критерийиси катары логикалык негиздөө болгондугун белгилеп кою абзел. [2]

Европа философиясынын тарыхына кайрылсак 17 кылымда илим өз алдынча багыт катары түптөлүп, анын түркүктөрү ой жүгүртүү менен тажрыйба калыптанган. Жыйынтыгында 19 кылымда алгачкылардан болуп позитивизм (негиздөөчүсү Огюст Конт) илимий – философиялык мектеби түзүлүп, илимий билим жана аны изилдөө методологиясы эмпирикалык ыкмалардын негизде гана болуусун карманган. Нукура билим жеке илимдердин жыйынтыгы катары сыпатталып бул багыттын негизги тезисин түзгөн.

Позитивизмдин негизги критерийлери болуп:

- Релятивизм (толук таанып билүү мүмкүн эмес), илимдин болгон мүмкүнчүлүгү болголоо (гипотеза);
- Эмпиризм, илимий билим тажрыйбага гана таянуусу керек;
- Прагматизм, илимий билимдин пайдалуулугу болуусу зарыл.

Позитивизм өз учурунда билимди демаркациялоо аракеттерин жүргүзүп, илимий билим бул логикалык жактан негизделип, эксперимент жолу менен тастыкталган билим экендигин колдоого алып, илимде метафизикалык түшүндүрмөлөрдү кескин азайтуу максатын коюшкан. Бирок позитивизмдин эмпиризмге басым жасалган илимий методологиясы социалдык-гуманитардык, табигый илимдеринде колдонулбастыгы, бул илимдер табияттын мыйзамдарына же жалпы философиялык ыкмаларга көз каранды болоорун бөлөк

көз караште турган багыттардын өкүлдөрү менен айпталып колдоого алынган эмес. Мисалы, экзистенциализм (орус. существование; кырг. жашоо, жашоо-тиричилик) философиясынын негиздөөчүсү С. Кьеркегор рационалдуулук адамдын индивидуалдык сапаттарын сиңирип кетүү коркунучун белгилеп, акыйкаттын жалпылуулугун туюнткан – "жашоонун маңызы" – "өлүм" сыяктуу түшүнүктөрүн логикалык негизде таанып билүү мүмкүн эместигин, аларды ар бир инсан сезип кубануу же кайгыруу менен гана кабылдоосун айткан. [3] Албетте позитивизм өз учурунда объективтүү сындарга кабылып жаңы философиялык мектептердин пайда болуусуна өбөлгө түзгөн.

20 кылымдын биринчи жарымында билимди демаркациялоо кызуу уланып, аны жаңы позитивизм же болбосо логикалык позитивизм илимий–философиялык мектеби жүргүзгөн. Бул багыттын көрүнүктүү өкүлдөрү – О.Нейрат, Р.Карнап жана М. Шлик. Позитивизмден айырмаланып жаңы позитивизмде (неопозитивизм) илимий теориялар, гипотезалар, түшүнүктөр, логикалык-семантикалык ыкманын негизде дыкат талданып, логика-лингвистикалык мүнөздө терең изилденип псевдоилимий билимдерден толугу менен тазалануу идеясын демилгелеген. Алар сунуштаган верификация принциби, билимдин аутентификациясын (нукуралуулугун) текшерүүдө теория менен практиканын дал келүүсү өзгөчө мааниге ээ экендиги, ошондой эле аксиоматикалык жоболорго таянуу менен логикалык жыйынтыктарды чыгаруусу жаңы позитивизмдин өзөктүү ыкмаларынын бирин түзүшкөн. Жыйынтыктап айтканда позитивистер, кийин неопозитивистер да илимди философиялык басымдан толугу менен бошотуп, илимий билимди аныктоодо субъективтүүлүктү чектөө аракеттерин жүргүзүүнү карманышкан, бирок билимди демаркациялоодо эмпирикалык негиздеги критерийлери жана илимдин методологиясы олуттуу сынга алынган, натыйжасында илим менен философияны бири-бирине карама- каршы коюу тенденциясын жаратышкан. Белгилүү болгондой, бардык илимдер белгисиз менен чектешет, англис философу Б. Расселдин айтымында: "адам чек ара аймактарына киргенде же алардан ашып кеткенде илимден ой жүргүзү (умозрение) чөйрөсүнө түшөт". [4] Анын оюу боюнча, философия бул адамдын ой жүргүзү ишмердүүлүгү. Чындыгында, илимдер, өз маңызы боюнча күнүмдүк тажрыйбага жана атайын жүргүзүлгөн эксперименттерге таянуусу зарыл. Бирок тажрыйбанын да чеги бар. Ал эми философиялык ой адамдын эң жалпы формаларын изилдөө менен мүнөздөлөт. Башкача айтканда илим белгилүү фактылар менен алектенсе, философия ой жүргүзү аракеттерине басым жасайт. М.К. Мамардашвили белгилегендей, "...билим илимде башка билимдерди үзгүлтүксүз өндүргөн жана ар дайым принципиалдуу өткөөл абалда болгон нерсе, эгерде билим башка билимдерди өндүрүү абалында болбосо, биз илимден, билимден тышкарыбыз". [5]

Неопозитивизмдин сынчыларынын бири К. Поппер, ал постпозитивизм философиялык мектебинин көрүнүктүү өкүлү катары белгилүү. Поппер илим философиясынын проблемаларын иштеп чыгууда инновациялык ыкмаларды алдыга коюп, неопозитивистердин верификация (нукуралуулугун текшерүү) принцибинин ордуна илимий билимди фальсификациялоо (жокко чыгаруу, бурмалоо) жолун сунуштаган. Бул принцип илимий билдирүүлөрдүн чек арасын аныктоочу критерийи катары каралган. Постпозитивистердин оюу боюнча, ар бир илимий билдирүү эмпирикалык ыкманын негизинде жокко чыгарылуучу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, аны илимий деп классификациялоого болоорун белгилешкен. Албетте, фальсификациялоо билимдин чек арасын аныктоосунун кенейүсүнө алып келгени менен универсалдуу ыкмалардын бирине айлана алган эмес. Себеби, илим, анын ичинде табият таануу дайыма изилдөөчүлөргө эмпиризмдин көз карашы менен түшүндүрүүгө болбой турган натыйжаларга келүүгө мүмкүндүк берген чыгармачыл компоненти камтыйт. Ушул жагдайдан алганда, М. Полани, билимдин эки түрү (явное, неявное) бардыгын белгилеп, биринчиси –түшүнүктөр, ой жүгүртүүлөр, теориялар жана рационалдуулуктун башка формаларынан турган билимдер, ал эми экинчиси – тил менен айтылбаган, башкача айтканда, адамдын жөндөмүндө жана

чеберчилигинде камтылган. [6] Илим бул ар бир окумуштуунун жеке ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы экени белгилүү, М. Поланинин айтымында, “жеке билим – бул интеллектуалдык жаратмандык”, бул жөн гана билдирүүлөрдүн жыйындысы эмес, ошондой эле инсандын ой толгоосу. “ Ар бир таанып билүү актысында изилдөөчүнүн жекече зор салымы бар ... жана бул толуктоо жеткиленсиздиктин далили эмес, билимдин чукул зарыл элементи болуп саналат”. [7] К. Поппер өзүнүн концепциясында үчүнчү дүйнө бардыгын белгилеп, алгачкы эки дүйнө – материалдык дүйнө жана ой дүйнөсү. Ал үчүнчү дүйнө адамдардын рухий ишмердүүлүгүнүн натыйжалары катары кароону сунуш кылат, мисалы илимий теориялар, музыкалык жана адабий чыгармалар. Үчүнчү дүйнө адамдардын чыгармачыл жана интеллектуалдык эмгегинин жардамы менен түзүлөт, бирок кийин белгилүү бир деңгээлде өз алдынча болуп калат. К. Поппер үчүн билимдин өсүшү кайталануучу же топтолгон процесс эмес, бул катаны жоюу процесси, «Дарвиндик тандоо». Ал билимдин өсүшү жөнүндө айтканда, байкоолордун топтолушун эмес, илимий теорияларды кайра-кайра кулатып, алардын ордуна жакшыраак жана канааттандыраарлык теориялар менен алмаштырууну билдирет. Поппер индуктивдүү жалпылоо (жекеден жалпыга өтүүгө негизделген логикалык корутунду) аркылуу алынган ар кандай илимий пикирдин пайдасына абдан көп сандагы ырастоочу фактылар болсо анын чоң ыктымалдыгын гана көрсөтөт, бирок ал 100% анык экендигин тастыктабайт. Бирок бул тезиске жарым жартылай кошулуп, К. Поппердин шакирти, “изилдөө программасы” методологиясынын негиздөөчүсү И. Лакатос өзүнүн эмгегинде, “ илимде теориялардын ырааттуулугу түзүлөт, мында ар бир жаңы теория көмөкчү шартарды кошуп, мурункуну алмаштырат”[8] деп устатынан айырмаланып ушундай жыйынтыка келет. Ошондой эле, илимдин методологиясын, структурасын жана билимдин чегин аныктоодо постпозитивизмдин белгилүү ойчул-окумуштуулары И. Лакатос, П. Фейрабенд жана Т. Кун эбегейсиз салым кошушкан. Алардын сунуштаган концепциялары бүгүнкү күнгө дейре актуалдыгын жоготпой илимий коомчулукта кызыгууну жаратып келет. Мисалы, П. Фейрабендтин “баарына уруксат берилет” (“anyting goes”) принциби окумуштуулардын, чыгармачыл инсандардын алдыга умтулуу аракеттерин жана изденүүлөрүн илимий стандарттардын чектөөлөрүнөн эркин болуусун түшүндүрөт. Бул концепциянын терең табиятында илимдеги ачылыштар жалаң эле анын калптанып калган методологиясынын жана регулятивтик эрежелеринин негизинде эле пайда боло бербейт. Буга инсандын эркин жүргүзгөн интеллектуалдык ишмердүүлүгү, көмүскөй тапкычтык жана алдын ала көрө билүү касиеттери да таасирин тийгизүүсү талашсыз экенин айтып кою абзел. Ал эми Америкалык физик Томас Кун «Илимий революциялардын структурасы» аттуу эмгеги менен өзгөчөлөндү. Ал жалпысынан текшерүүнү жана фальсификацияны четке кагып, жаңы терминди - "парадигманы"(учурдун үлгүсү - У.Б.) киргизген. Анын ою боюнча, “илимдин өнүгүүсү секириктүү болуп, илимий революциялардын негизинде калыптанат. Илимий критерийлер билимди аныктоочу критерийлер өзүнө тийешелүү парадигмалардын чегинде, турукташып калган тарыхый системасынын жалпы түшүнүктөрүнө байланышын белгилейт” [9]. Т. Кун илимдин өнүгүшүнө текшерүү жана фальсификация принциптери эмес, азыркы парадигма таасир этерин, ал эми илим акыркыны (парадигма) тастыктоосуу зарыл экенин айткан.

Акыркы убакта илимий билимдердин чегин аныктоо проблемасына келгенде супранатурализм - табияттан тыш жактары бар өзгөчө рухий дүйнө бар деп ырастаган илимий концепция жөнүндө көбүрөөк угууга болот. Эгерде кандайдыр бир теорияга супранатурализмди киргизсең, илимдүүлүктүн нормалары заматта бузулары анык. Мына ушундан улам, орус теологу М. Шаховдун ою боюнча, “илимде далилденбеген негиздер бар экенин жана илимий билимдин абсолюттук ишенимдүүлүгүн аныктоо мүмкүн эмес экенине көңүл буруп, илимий деп окумуштуулар өздөрү тааныйт деген тыянака келет”. [10] Анын айтымында, көпчүлүк изилдөөчүлөр илимий билимдердин чек арасын аныктоо маселесин талкуулоодо 18-19-кылымдардагы классикалык илимдин идеяларын

жетекчиликке алышат. Бирок 20-кылымда илим философиясы илимдүүлүктүн көптөгөн критерийлерин кайра карап чыгып, илим өзү эволюциянын эбегейсиз жолун басып өткөндүгүн белгилейт.

Билимдин формаларын изилдөөдө атамекендик окумуштуулардын салымы зор деп ырастоого болот. Алар, белгилүү окумуштуу-философтор: Б. Аманалиев, А. Какеев, М. Айтбаев, А.Брудный, М. Токоев, О. Тогусаков ж.б. Мисалы, көрүнүктүү ойчул-философ Ж. Бөкөшөв өзүнүн ”Предпосылочное знание” атуу эмгегинде “өбөлгөлүк билим” түшүнүгүнө толук кандуу талдоо жүргүзүп, анын пайда болуу тарыхына жана таанып билүүдөгү маанисине кеңири токтолуп, жаңы билимдердин жаралуусундагы ролун көрсөтө билген. Ошондой эле, окумуштуу-философ Г. Ботоканова, “Традиционные знания” атуу монографиясында “салтуу билимдин” калыптануу тарыхын, илимий – практикалык терең маанисин, бүгүнкү коомдогу ордун дыкаттык менен талдоо жүргүзүп бир калыпка салгандыгы мактоого арзыйт. Ал өзүнүн эмгегинде билимдин канча бир түрү бар экенин, аларды окуп-үйрөнүү зарылдыгын белгилеп жаңы илимий изилдөөлөргө жем таштайт. Мына ушул жагдайдан алганда, заманбап “санариптик коом” канчалаган малыматтардын ээси болбосун, билимдердин ар кандай категориясында туура ой жүгүртүүсү учурдун талабы.

Жыйынтыктап айтканда, Байыркы философиясынан тарта азыркы учурга чейин билимди демаркациялоо аракеттери жүргүзүлүп келет. Ар бир доордун ойчул-окумуштуулары, илимий-философиялык мектептери жана алардын катарын толуктаган позитивисттер, неопозитивисттер жана постпозитивистердин идеялары бүгүнкү күндө илимий дүйнөдө кеңири колдонулуп, көптөгөн илимий теориялардын негизин түзүүдө. Демек, билим бул атомардык өзөгү бар билдирүү, диалектиканын тынымсыз кыймылда болуу принцибинин негизинде өнүккөн жана адамдын болумушту чагылдыруу касиетинин жыйынтыгы деп сыпаттоого болот. Тактап айтканда, билим бул инсандын аң сезиминин жемиши болгондуктан, кемчилдиктерден, катачылыктардан туурары анык экени талашсыз.

**Адабияттар:**


1. *Д. Добринская. // SOCIOLOGY OF SCIENCE AND TECHOLOGY. 2021 Volume 12. No. 2. Что такое цифровое общество? С. 113.*
2. *Аверроэс (Ибн Рушд). Опровержение опровержения. / Аверроэс - Киев: УЦИММ-Пресс; - СПб: «Алетейя», 1999. - 690 с.*
3. *Н. А. Моисеева, В. И. Сороковикова. Краткий курс. – СПб.: Питер, 2006. С. 120-121.*
4. *Рассел Б. Мудрость Запада – М. 1998. – С.28*
5. *Мамардашвили М.К. Как я понимаю философию. – М.: Прогресс, 1990. – С. 125.*
6. *Полани М. Личностное знание. На пути к посткритической философии. // Хрестоматия по философии / Сост. В.П. Алексеев. – М: Проспект, 2012. – С.336-337.*
7. *Полани М. Личностное знание. На пути к посткритической философии. // Хрестоматия по философии / Сост. В.П. Алексеев. – М: Проспект, 2012. – С.336-338.*
8. *Липкин А. И. Методология “исследовательских программ” И. Лакатоса // Философия науки: Учебное пособие / Под. ред. д-р филос. наук А. И. Липкина – М: Эксмо. 2007. – С.220-225*
9. *Байсубанов У.К. ALATOO ACADEMIC STUDIES №2 – 2023год (Научный журнал) Издание Международного университета “Ала-Тоо” Бишкек, Кыргызстан – С.414*
10. *М. Шахов. Религиозное и научное знание, религиозная и научная вера // Проблема демаркации науки и теологии: Современный взгляд. / Рос. акад. наук, Ин-т философии, Рос. гос. гуманитар. ун-т; Отв. ред. И. Т. Касавин и др. – М.: ИФ РАН, 2008. – С.279.*
11. *Бокошов Ж. Б. Предпосылочное знание. Гносеологический анализ. – Бишкек: Илим, 1991.*
12. *Ботоканова Г.Т. Традиционные знания (философский анализ). – Б.: “Кут-Бер”, 2015. – 336 с.*